**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**«Бекитилди»**
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин буйругу
менен №863/1
«10» май 2022ж.
Каттоодо № 8 өттү
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 050713 –« Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»**

**Квалификациясы: « Башталгыч класстардын жана коррекциялык билим берүү класстарынын мугалими»**

**Бишкек-2022**

## 1-Глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - Мамлекеттик билим берүү стандарты) Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, КМУнун И.Арабаев атындагы Педагогикалык колледжинин окуу-методикалык кеңеши тарабынан иштелип чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - тиешелүү адистик боюнча окуу процессинин максаттарын, күтүлүп жаткан натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашырылышын уюштурууну жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **дисциплиналардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **модуль -** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенция** – тиешелүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин, көндүмдөрүн жана жөндөмдөрдүн динамикалык айкалышы;
- **кредит** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары -** негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында алынган компетенциялар.
- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына талаптарды аныктаган жана кызматкердин штаттагы ордун татыктуу ээлөө үчүн аткарууга тийиш болгон квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ, уюмдагы ар кандай ишинин түрүнө карабастан.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп саналат

## 2-Глава. Колдонуу тармагы

3. Бул Мамлекеттик билим берүү стандарты **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы болуп саналат жана окуу-уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу, Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы бар жана аккредитацияланган уюштуруу-укуктук формаларына карабастан орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатына баа берүү үчүн негиз болуп саналат.

4. Мамлекеттик билим берүү стандартынын **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасынын негизги көрсөткүчтөрү болуп, төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууга укуктуу билим берүү мекемелеринин администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистик боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өз окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашырууга жооптуу студенттер;
- кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү адистер менен жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылган окуу-методикалык бирикмелер менен кеңештер;
- орто кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылган билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- орто кесиптик билим берүү системасындагы мыйзамдарды көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аккредитация менен сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу аккредитациялык органдар.

## 3-Глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча негизги орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү формалары:
- күндүзгү;
- күндүзгү - сырттан окуу (кечки);
- сырттан окуу.

6. Орто жалпы билим берүү базасында күндүзгү окуу формасы менен орто кесиптик билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү 1 жыл 10 айды түзөт. Бул кесиптик билим берүү программасы негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашырылган учурда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга көбөйтүлөт.

7. Орто кесиптик билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн (10-11-класстар) жалпы билим берүү программасын ишке ашырууда орто жалпы билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми предметтер боюнча баалар орто кесиптик билими тууралуу документке (дипломго) коюлат.

8. Кабыл алууда абитуриентте төмөнкү документтердин бири болууга тийиш:
- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө аттестат.

9. Сырттан окуу формасы боюнча ошондой эле, окутуунун ар кандай формаларын айкалыштырган жана дистанттык окутуу технологиялары колдонулган шартта, орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөттөрү орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окутуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу 6 айга узартылат.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасында орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын иштөө убактысы кеминде 120 кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестри кеминде 30 кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процессин эки семестрде уюштуруу менен).

Бир кредит (зачеттук 30 бирдик) студенттин окуу сааттарына (аудитордук, өз алдынча иштөө жана аттестациянын бардык түрүн кошо алганда) барабар.

Сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары үчүн негизги кесиптик билим берүү программасынын иштөө убактысы, ошондой эле окуунун ар кандай формаларын айкалыштыруу жана дистанттык окутуу технологияларын колдонуу шартында окуу жылына кеминде 45 кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

11. **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын жалпы билим берүүчү жана ар кандай атайын билим берүү уюмдарында башталгыч мектеп курагындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды тарбиялоо жана окутуу жагында максаты - алардын инсандыгын ар тараптуу өнүктүрүүнү, балдардын дене тарбиялык жана психикалык саламаттыгын коргоону жана чыңдоону, социалдык адаптацияланышын камсыз кылган жалпы маданиятты калыптандыруу саналат.

**050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы негизги максаты болуп, студенттердин социалдык жана инсандык сапаттарын калыптандыруу, максатка умтулуучулук, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчилик, жарандык баарлашуу, сабырдуулук, жалпы маданиятты жогорулатуу саналат.

12. **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иши өнүккөн инсанды калыптандыруу, өнүгүүсүндө кемчиликтери бар, билим берүү уюмдарынын коррекциялоо класстарында окуган башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоо жана окутуу боюнча иштерди жүргүзүүнү болжолдойт.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объекттери төмөнкүлөр:

- коррекциялык башталгыч класстардагы окуучулардын класстык жана класстан тышкаркы иштерин уюштуруунун милдеттери, мазмуну, ыкмалары, каражаттары, формалары жана процесстери;
- мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кесиптештер жана социалдык өнөктөштөр, билим берүү жана маданият уюмдары, ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) менен өз ара аракеттенүүнүн милдеттери, мазмуну, методдору, формалары жана уюштуруу процесстери;

- билим берүү процессин документтик камсыздоо.

14. Бүтүрүүчү даярдана турган кесиптик иштин түрлөрү:

- башталгыч билим берүүнүн коррекциялык класстарында окуу-коррекциялык, тарбия берүү иштери;
- башталгыч билим берүүнүн коррекциялык класстарында социалдык-педагогикалык иш;
- башталгыч билим берүүнүн коррекциялык класстарында окуу-усулдук иштер.

15. Бүтүрүүчү адистиги боюнча даярдалышы керек болгон кесиптик ишинин милдеттеринин тизмеси: **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги

- **окутуу- тарбиялоо боюнча коррекциялык иш**

- башталгыч коррекциялык билим берүүнүн укуктук ченемдик документтерине жана билим берүү программаларына ылайык бирдиктүү педагогикалык процессти ишке ашыруу;

- окуучулардын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн шарты катары баарлашууда предметтик- өнүктүрүү педагогикалык чөйрө жана жагымдуу психологиялык атмосфера түзүү;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылуу, мугалимдин ишинин ден соолукту сактоо функциясын ишке ашыруу;

- сабактардын белгиленген расписаниесинин аткарылышын камсыз кылуу;

- коррекциялоочу класстарында окуучуларды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу боюнча коюлган максаттарга жетишүүнү камсыз кылуу;

- башталгыч класстын окуучуларынын маңыздуу жашоосун уюштуруу жана балдардын ишинин ар кандай түрлөрүн (оюн, окуу, таанып-билүү, көркөм, спорттук жана эс алуу, баарлашуу, тиричилик, эмгек) башкаруу;

- коррекциялоочу башталгыч класстардагы кенже окуучулардын класстан тышкаркы иштерин жана баарлашуусун уюштуруу

- баланын билиминин жана тарбиясынын деңгээлин изилдөөнүн, талдоонун негизинде окуучулардын ишинде инсандык-багытталган мамилени ишке ашыруу;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар менен коррекциялоо иш-аракеттери чөйрөсүндөгү адистерге жардам көрсөтүү.

- **социалдык-педагогикалык иш**

- башталгыч класстарда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген

окуучуларга алар үчүн практикалык мааниге ээ болгон жалпы, үй-бүлөлүк жана атайын педагогиканын, психологиянын жана окутуу методикасынын жоболорун ата-энелердин өздөштүрүүсү үчүн консультациялык жардам көрсөтүү.

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучуларды социалдык дүйнө менен тааныштыруу, аларды толук социалдаштыруу үчүн шарттарды түзүү;
- студенттердин кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо.

- **окуу-усулдук иш**

- атайын жана жалпы заманбап билим берүү программаларынын негизинде коррекциялоочу–окуу-тарбиялоо иштерин пландаштыруу жана жүргүзүү, атайын окуу-усулдук адабияттарды изилдөө;

- курчап турган дүйнө жөнүндөгү маалыматты окуучулар үчүн жеткиликтүү формага айландыруу;

- жетишилген натыйжаларды талдоонун негизинде окуучу менен инсанды өнүктүрүү жана коррекциялоочу-окутуу-тарбиялоо иштерин долбоорлоо.

16. **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүдө негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүгө;

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын: «Логопедия», «Сурдопедагогика», «Олигофренопедагогика» сыяктуу тиешелүү профилдер жана жогорку кесиптик билим берүүгө даярдоонун байланыштуу багыттары (багыты: 550700 «Педагогикалык билим берүү» профили: «Мектепке чейинки билим берүү», «Башталгыч класстарга билим берүү») боюнча тездетилген мөөнөттө өздөштүрүүгө.

## 4-Глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына жалпы талаптар

17. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен тиешелүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде адистиги боюнча түзүлөт.

Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү

программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен билим берүү сапатына кепилдикти камсыз кылуу боюнча төмөнкү сунуш-көрсөтмөлөргө ылайык, 5 жылда бир жаңылап турууга милдеттүү, алар:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу стратегиясын иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү, мезгил-мезгили менен кароо;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билиминин жана көндүмдөрүнүн деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- бардык ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун, анын ичинде угуучуларды сурамжылоо аркылуу контролдоо;
- макулдашылган критерийлер боюнча үзгүлтүксүз өзүн-өзү текшерүүдө өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу;
- өзүнүн иш натыйжалары, пландары, жаңычылдыктары жөнүндө коомчулукка маалымдоодо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтууга тийиш.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген) модулдук-рейтингдик баалоо системасынын негизинде окуу семестринде жүргүзүлөт.

Студенттерди аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында өткөрүлөт жана бардык дисциплиналар боюнча жыйынтыктоочу баа (экзамендик баа) семестр учурундагы аттестациянын жыйынтыгы боюнча коюлат.

Бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация мамлекеттик аттестациялык сыноолордун төмөнкү түрлөрүнөн турат: өзүнчө дисциплиналар боюнча бүтүрүү сынагы, адистик боюнча дисциплиналар аралык бүтүрүү сынак.

Жыйынтыктоочу аттестацияга академиялык карызы жок жана окуу планында каралган окуу курсун толук бүтүргөн бүтүрүүчүгө уруксат берилет.

Студенттерди учурдагы, аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдүн

жеке жетишкендиктеринин негизги кесиптик билим берүү программасынын этаптык же жыйынтыктоочу талаптарына ылайыктуулугуна жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт,типтүү тапшырмалар, текшерүү иштери, билимди, көндүмдөрдү жана алынган компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү модулдук тесттер кирет. Баалоо каражаттарынын негиздери орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык жана инсандык компетенцияларын калыптандыруудагы мүмкүнчүлүктөрү (мисалы, системалык-активдүү мүнөздөгү социалдык өз ара аракеттенүү, өзүн өзү уюштуруу жана өзүн өзү башкаруу компетенциялары) аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн калыптандыруу;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүү;
- окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүү, анын ичинде студенттердин өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук-чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун иштерине катышуусуна көмөк көрсөтүү.

20. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы дисциплиналардын ар бир циклинин вариативтүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес өлчөмүндө студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды камтууга тийиш. Студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды түзүү тартиби кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилет.

21. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттерге өз окуу программасын түзүүгө катышуунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштыруу;

- студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү болуп санала тургандыгын жана алардын жалпы интенсивдүүлүгү окуу планында каралгандан кем болбоого тийиш экендигин түшүндүрүү.

22. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасында каралган, студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өнүктүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

24. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда натыйжаларга жетишүү үчүн студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук-чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун иштерине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрүн кошкондо, жумасына 45 саат өлчөмүндө белгиленет.

Күндүзгү окуу формасы үчүн жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан ар бир окуу дисциплинасын окууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 60 % дан пайыздан ашпаган өлчөмүндө аныкталат.

26. Күндүзгү- сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем эмес болууга тийиш.

27. Сырттан окутууда студентке жылына 150 сааттан кем эмес өлчөмдө окутуучудан билим алуу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.

28. Окуу жылында каникул убактысынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кышкысын кеминде эки жуманы түзүүгө тийиш.

## 5-Глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар.

29. **050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик ишинин милдеттерине ылайык төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болууга тийиш:

а) Башталгыч жана коррекциялык билим берүү класстарынын мугалими - өзүнө төмөнкү жөндөмдөрдү камтыган, жалпы компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**жалпы:**

ЖК1. Келечектеги кесибинин маңызын жана коомдук маанисин түшүнүү, ага туруктуу кызыгуусун көрсөтүү;

ЖК2. Өз ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандап алуу, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо; көйгөйлөрдү чече билүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечимдерди кабыл алуу, демилгелүүгүн жана жоопкерчилигин көрсөтүү;

ЖК3. Кесиптик милдеттерин натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана жеке өнүгүү үчүн керектүү маалыматты издөө, чечмелөө жана колдонуу;

ЖК4. Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5. Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик, социалдык өнөктөштөр менен натыйжалуу баарлаша билүү (окуу процессине катышкан башталгыч билим берүү уюмунун башка кызматкерлери – музыкалык жетекчи, дефектолог, психолог, медициналык кызматкер жана башкалар менен өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгү);

ЖК6. Максаттарды коюу, окуучулардын иш-аракетин мотивациялоо, окуу процессинин сапаты үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу менен алардын ишин уюштуруу жана контролдоо;

ЖК7. Кесиптик жана инсандык өнүгүү милдеттерин өз алдынча аныктоо, өз алдынча билим алуу, квалификацияны жогорулатууну аң-сезимдүү пландаштыруу; кесиптик ишмердүүлүгүн анын максаттарын, мазмунун жаңыртуу, технологияларды өзгөртүү шарттарында жүргүзүү;

ЖК8. Жаракат алуулардын алдын алуу, балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылуу; балдардын өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылууда жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууда алган билимдерин колдонуу жөндөмдүүлүгү;

ЖК9. Кесиптик ишмердүүлүктү аны жөнгө салуучу укуктук ченемдердин негизинде ишке ашыруу, педагогикалык этиканы сактоо;

ЖК10. Мамлекеттик жана расмий тилдерде оозеки жана жазуу жүзүндө сүйлөөнү, логикалык жактан туура, негиздүү жана так түзө билүүнү; социалдык баарлашуу деңгээлинде чет тилдердин бирин билүү;

б) башталгыч жана атайын билим берүү класстарынын мугалими төмөнкү иш-аракеттин түрлөрүнө ылайык келген **кесиптик компетенцияларга** ээ болууга тийиш:

**- тарбиялоо жана коррекциялоо иш-чаралары:**

КК1. Балдардын ден соолугун чыңдоого жана физикалык өнүгүүсүнө багытталган иш-чараларды пландаштыруу жана өткөрүү.

КК2. Ар бир баланын ден соолугунун абалына педагогикалык мониторинг жүргүзүү, анын ден соолугунун абалынын өзгөрүшү жөнүндө медициналык кызматкерге өз убагында билдирүү.

КК3. Коррекциялык класстарда майрамдарды жана оюн-зоокторду уюштуруу жана өткөрүү жана ар кандай иш-чараларды уюштуруу процессин жана натыйжаларын талдоо;

КК4. Максаттарды жана милдеттерди аныктоо, сабактарды пландаштыруу жана өткөрүү, сабактарды талдоо.

КК5. Педагогикалык көзөмөл жүргүзүү, окутуу процессин жана анын натыйжаларын баалоо.

КК6. Окуу процессин камсыздоочу документтерди жүргүзүү.

-социалдык-педагогикалык ишмердүүлүк:

КК7. Максаттарды, милдеттерди аныктоо жана ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) менен иштөөнү пландаштыруу; ата-энелер менен иштөөнүн натыйжаларын баалоо жана талдоо, алар менен өз ара аракеттенүү процессин жөнгө салуу.

КК8. Үй-бүлө тарбиясы, баланын, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендердин социалдык, психикалык жана физикалык өнүгүүсү боюнча жеке консультацияларды өткөрүү.

КК9. Ата-энелер чогулушун өткөрүү, ата-энелерди класста жана билим берүү уюмдарында иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө тартуу.

**- окуу-методикалык ишмердүүлүк:**

КК10. Класста предметти өнүктүрүү чөйрөсүн түзүү.

КК11. Кесиптик адабияттарды изилдөөнүн, өзүн-өзүн анализдөөнүн жана башка мугалимдердин ишмердүүлүгүн анализдөөнүн негизинде атайын билим берүү тармагындагы педагогикалык тажрыйбаны жана билим берүү технологияларын системалаштыруу жана баалоо.

КК12. Доклад, реферат, баяндама түрүндө педагогикалык иштеп чыгууларды тариздөө; атайын билим берүү тармагындагы илимий-изилдөө жана долбоордук иш-чараларга катышуу.

КК13. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген: интеллектуалдык жана психикалык өнүгүүсү, сүйлөө, угуу жана көрүү функциялары

жабыркаган, таяныч-кыймыл аппараттарынын функциялары иштебеген жана жүрүм-турумунда четтөөлөр бар окуучулардын ар кандай бузулууларынын структурасын билет;

КК14. Психофизикалык өнүгүүсүнүн ар кандай четтөөлөрү бар коррекциялык класстарда окуучулардын психологиясынын мыйзам ченемдүүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерин окуучулардын өз ара аракеттенүүсүн жана кызматташтыгын уюштурууда колдоно алат;

КК15. Өнүгүүсүндө ар кандай кемчиликтери бар балдар үчүн жалпы билим берүү уюмдарынын коррекциялык класстарында окуу-тарбия процессин уюштурат жана окуу-усулдук камсыздоону өнүктүрөт;

КК16. Коррекциялык класстарда окуучулар менен тарбиялоонун жана коррекциялык иштердин атайын ыкмаларына жана ыкмаларына ээ: дене тарбиялык жана когнитивдик өнүгүү, сүйлөө, оюн, конструктивдүү, визуалдык, музыкалык, театралдык ишмердүүлүк.

30. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик программасы төмөнкүдөй окуу циклдерин изилдөөнү карайт:

**1-Блок** «Дисциплиналар (модулдар)»

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер цикли;
3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия

**2-Блок** «Практика»;

**3-Блок** Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялык базага ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн жоопкерчилик тартат.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) комплекси жана алардын эмгек сыйымдуулугу орто кесиптик билим берүү мекемеси аны өнүктүрүүнүн натыйжаларына карата талаптарды эске алуу менен блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктап, улуттук квалификациялык базада каралган окутуунун натыйжаларынын комплексинин формасы каралат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталуучу жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш. Бул сабактардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул макетке тиркелген структурага ылайык иштелип чыгууда.

31. Дисциплиналардын ар бир цикли негизги (милдеттүү) жана элективдик бөлүктөргө ээ болууга тийиш. Элективдик бөлүк студенттердин базалык бөлүктүн дисциплиналарынын мазмуну менен аныкталган билимдерин, шыктарын жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө же тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Элективдик бөлүк ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн кошпогондо, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан кем эмес болушу керек.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын каалоосу боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана зарыл болгон учурда өнүгүүсүнүн бузулууларын коррекциялоону жана бул адамдардын социалдык адаптацияланышына шарт түзүп берүүсү керек.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууну окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келген базалык билими бар, илимий жана (же) илимий-методикалык ишмердүүлүк менен системалуу түрдө алектенген педагогикалык кадрлар тарабынан камсыз кылынууга тийиш.

Кесиптик циклдин окутуучулары тиешелүү адистик же окуу багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш.

Профессионалдык циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык стажы бар өндүрүштүк кызматкерлер эске алынат.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалымат базаларынан жана китепкана фондуларынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынууга тийиш. Орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык көнүгүүлөрдү (түзүлүп жаткан компетенцияларды эске алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Студенттерди негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияттары жана/же электрондук адабияттар менен камсыз кылуу нормага туура келүүгө тийиш - бир студентке 0,5 нуска. Билим берүү маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек. Окуу процессинде мыйзам актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыттагы мезгилдүү басылмалардын материалдары колдонулууга тийиш.

34. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган, студенттерди лабораториялык, дисциплинардык жана

дисциплиналар аралык даярдоонун, практикалык даярдоонун бардык түрлөрүн камсыз кылуучу, колдонуудагы санитардык жана өрт коопсуздугунун эрежелерине жана ченемдерине ылайык келген материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш.

Сабактардын 2 сменалуулугун эске алганда 1 студент үчүн пайдалуу аянт (кв.м.) 7 кв.м. түзүшү керек.

Кабинеттердин, лабораториялардын жана башка жайлардын минималдуу тизмеси:

Кабинеттер:

• кыргыз тили; орус тили; чет тили; Кыргызстан тарыхы; Манас таануу, математика, география.

• Жалпы жана атайын педагогика жана психология; курактык физиология, анатомия жана гигиена; эне тили; башталгыч билим берүүдө атайын окутуу ыкмалары.

Адистештирилген бөлмөлөр: психологиялык-педагогикалык колдоо, инклюзивдик билим берүү, логопедия боюнча көркөм өнөр чыгармачылык, көркөм өнөр жана конструкциялоо;

Лабораториялар:

• Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар информатика жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (компьютер 1:12);

• Химия

• физика

Спорт комплекси: медицина-дене тарбиялык кабинети, спорт залы, ритмика жана хореография залы;

Залдар: актовый зал.

Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар китепкана жана окуу залы

35. Бүтүрүү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктай турган орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат.

**050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика»** адистигинин стандарты Кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу боюнча И.Арабаева атындагы КМУнун Педагогикалык колледжинин базалык мекемесинин окуу-усулдук кеңеши тарабынан иштелип чыккан.

*1-Тиркеме*

**Орто кесиптик билим берүү уюмдарынын**
**негизги кесиптик билим берүү программасынын**
**Структурасы**

| **Орто кесиптик билим берүү уюмдарынын негизги кесиптик билим берүү программасынын Структурасы** | | **Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын окуу циклдериндеги кредиттери** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1 жыл 10 ай** | **2 жыл 6 ай** | **2 жыл 10 ай** | **3 жыл 6 ай** | **3 жыл 10 ай** |
| 1-Блок | I. Жалпыгуманитардык цикли<br>II. Математикалык жана табигый илимдер цикли<br>III. Кесиптик цикл | 99 | - | | - | - |
| | Дене тарбия (белгиленген семестрлерде жумасына 2 саат) | 3-4 семестр | - | | - | - |
| 2-Блок | Практика | 15 | - | | - | - |
| 3-Блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация. | 6 | - | | - | - |
| Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын көлөмү | | 120 | | | - | - |

**Эскертүү:**

**(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Кесиптик цикл» окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат (7 кредит) каралсын.**

**(**) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Практика» окуу циклинде 1200 академиялык саат (40 кредит) каралсын.**

*2-Тиркеме*

**Орто кесиптик билим берүүнүн 050713 «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика» адистиги боюнча болжолдуу окуу планы**

**Квалификациясы –** башталгыч класстардын жана коррекциялык билим берүү класстарынын мугалими

**Окутуунун ченемдик мөөнөтү:** 1 жыл 10 ай

| № | Дисциплиналардын жана студенттерди окутуу иштеринин түрлөрүнүн аталыштары | Жалпы иш жүктөмү | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүлүшү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредиттер | сааттарда | 3 сем | 4 сем | 5 сем | 6 сем |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Негизги бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | | | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 | | | | |
| | Манас таануу | 2 | 60 | | | | |
| | Кыргызстан географиясы | 2 | 60 | | | | |
| | **Элективдик бөлүк** | **3** | **90** | | | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА:** | **18** | **540** | | | | |
| **2** | **Математикалык жана табигый илимдер цикли** | **6** | **180** | | | | |
| | **Негизги бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | | | |
| | **Элективдик бөлүк** | **2** | **60** | | | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА:** | **6** | **180** | | | | |
| **3** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Негизги бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| 1 | Педагогика | 6 | 180 | | | | |
| 2 | Психология | 3 | 90 | | | | |
| 3 | Атайын психология негиздери менен коррекциялоочу педагогика | 4 | 120 | | | | |
| 4 | Атайын педагогика жана психология | 4 | 120 | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Сүйлөө речинин нормалдуу жана нормалдуу эмес өнүгүүсү | 3 | 90 | | | | |
| 6 | Генетиканын негиздери | 2 | 60 | | | | |
| 7 | Кыргыз (орус) тили тил илиминин негтздери менен | 4 | 120 | | | | |
| 8 | Адабият адабиятка киришүүнүн негиздери менен | 2 | 60 | | | | |
| 9 | Нейрофизиология жана ЖНИА физиологиясы | 4 | 120 | | | | |
| 10 | Коррекциялык класстарда математиканы окутуунун атайын методикасы | 3 | 90 | | | | |
| 11 | Психологиялык-педагогикалык диагностиканын негиздери | 2 | 60 | | | | |
| 12 | Коррекциялык класстарда кыргыз (орус) тилин окутуунун атайын методикасы | 3 | 90 | | | | |
| 13 | Коррекциялык класстарда тарбия иштеринин методикасы | 2 | 60 | | | | |
| 14 | Коррекциялык класстарда көркөм өнөр жана кол эмгекти окутуунун методикасы | 2 | 60 | | | | |
| 15 | Турмуш тиричиликтин коопсуздугу | 2 | 60 | | | | |
| 16 | Тифлопедагогиканын негиздери | 2 | 60 | | | | |
| 17 | Сурдопедагогиканын негиздери | 2 | 60 | | | | |
| 18 | Олигофренопедагогиканын негиздери | 4 | 120 | | | | |
| 19 | Логопедиянын негиздери логоритмикасы менен | 4 | 120 | | | | |
| 20 | Курак анатомиясы, физиологиясы жана гигиенасы | 2 | 60 | | | | |
| | **Элективдик бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА:** | **75** | **2250** | | | | |
| **4** | **Дене тарбия** | | **жумасына 2с.** | | | | |
| **5** | **Практика** | **15** | **450** | | | | |
| **6** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | **180** | | | | |
| | Сынактардын саны (макс) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | **Негизги окуу программасынын жалпы эмгек жүктөмү** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |